УДК: 39.395(575.2)

**Осмонова Самара Курбаналиевна**
Ош мамлекеттик университети, Тарых жана юридика институту

# САЛТТУУ КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨСҮНДӨ 3 - 7 ЖАШ КУРАКТАГЫ БАЛДАРГА ТАРБИЯ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ (ТҮШТҮК-БАТЫШ ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН МИСАЛЫНДА)

**Осмонова Самара Курбаналиевна**
Ошский государственный университет, Институт истории и юридики

# СИСТЕМА ВОСПИТАНИЕ ДЕТЕЙ В ВОЗРАСТЕ ОТ 3 ДО 7 ЛЕТ В ТРАДИЦИОННОЙ КЫРГЫЗСКОЙ СЕМЬЕ (НА ПРИМЕРЕ ЮГО-ЗАПАДА ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЫ)

**Osmonova Samara Kurbanalievna**
Osh state university, Institute of history and law

# THE SYSTEM OF CHILD REARING FOR CHILDREN AGED 3 TO 7 IN TRADITIONAL KYRGYZ FAMILIES (BASED ON THE EXAMPLE OF THE SOUTH-WESTERN FERGHANA VALLEY)

**Аннотация.** Бул макалада этнографиялык талаа материалдардын жана булактардын негизинде салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды 3 жаштан 7 жашка чейинки тарбия берүү системасы каралган. Көп кылымдык салттарга жана баалуулуктарга негизделген бул тарбия системасы, муундан муунга өтүп келген. Бул курактагы мезгил баланын негизги көндүмдөрүн, инсандык жана социалдык жүрүм-турумун калыптандырууда өтө маанилүү деп эсептелген. Кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды тарбиялоонун салттуу системасы этностук турмуштун өзгөчөлүгү менен, элдин этно-социалдык нормасы жана өзгөчөлүктөрү менен, үй-бүлөлүк жана коомдук турмушу менен тыгыз байланышкан. Муундардын жамааттык чыгармачылыгынын үзүрү, узак убакыт бою топтолгон балдарды тарбиялоонун салттуу системасынын тажрыйбасы, ал баланын инсандыгын калыптандыруу жана аны белгилүү бир коомдогу жашоого ыңгайлаштыруу ыкмаларын камтыйт. Жаштарды тарбиялоонун, социалдаштыруу ыкмалары бала төрөлгөндөй эле жаңы, бирок ошол эле мезгилде адамзат кандай байыркы болсо, ошончолук эски. Маданияттын жана илимдин жетишкендиктери канчалык өнүккөн болбосун, тарбиялоо түбөлүктүү системасы болуп келген жана боло берет: жаш муундарды курчап турган дүйнөнү өздөштүрүшкөн, өздөштүрүшөт жана бул жүрүм үзгүлтүксүз, коомго кирип, курчап турган дүйнөгө жана коомго кошулат.

**Негизги сөздөр:** тарбия, эмгек, жаш курак, каада-салт, тажрыйба, үй-бүлө, муун, адеп.

**Аннотация.** В данной статье на основе этнографических полевых материалов и источников рассматривается система воспитания детей в традиционной кыргызской семье в возрасте от 3 до 7 лет. Эта система воспитания, основанная на многовековых традициях и ценностях, передавалась из поколения в поколение. Период раннего детства считается крайне важным для формирования основных навыков, личностного и социального поведения ребенка. Система воспитания детей в кыргызской семье тесно связана с особенностями этнической жизни, этно-социальными нормами, а также семейной и общественной жизнью. Плоды коллективного творчества поколений, накапливающийся опыт традиционного воспитания, включают в себя методы формирования личности ребенка и адаптации его к жизни в определенном обществе. Методы воспитания и социализации молодежи столь же новы, как и сама жизнь человека, но в то же время столь же древни, насколько стара сама человеческая цивилизация. Независимо от достижений культуры и науки, воспитание было и остается вечной системой: молодые поколения усваивают окружающий мир, усваивают его и продолжают этот процесс, постепенно вовлекаясь в общественную жизнь, и становятся частью этого мира и общества.

**Ключевые слова:** воспитание, труд, возраст, обычаи, опыт, семья, поколение, нравственность.

**Abstract.** This article, based on ethnographic field materials and sources, examines the child-rearing system in traditional Kyrgyz families for children aged 3 to 7 years. This system of upbringing, based on centuries-old traditions and values, has been passed down from generation to generation. The early childhood period is considered extremely important for the development of fundamental skills, as well as personal and social behavior. The child-rearing system in Kyrgyz families is closely linked to the peculiarities of ethnic life, ethnic-social norms, and the family and community way of life. The fruits of collective creativity of generations, the accumulated experience of traditional child-rearing, include methods of shaping the child's personality and adapting them to life in a particular society. The methods of upbringing and socialization of the younger generation are as new as human life itself, yet as old as human civilization. Regardless of the achievements in culture and science, upbringing has been and remains an eternal system: new generations absorb and adapt to the world around them, and this process continues as they integrate into society, becoming part of that world and community.

**Keywords:** upbringing, labor, age, customs, experience, family, generation, morality.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун салттуу системасы – көп муундардын жамааттык эмгек натыйжасы жана кылымдар бою топтолгон салттуу тажрыйбасы. Бардык этностук жамааттардын жашоосунун зарыл шарттарынын бири – турмуштук жана практикалык тажрыйбаны муундан-муунга, улуулардан кичүүлөргө өткөрүп берүү болуп саналат. Ал эми элдердин салттары бири-биринен айрым бөлүктөрү боюнча гана айырмаланат: чарбанын өзгөчөлүктөрү, географиялык факторлору, улуттук өзгөчөлүктөрү ж.б. Бирок, алар социалдык-экономикалык, маданий-саясий өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүнө, тигил же бул элдин басып өткөн тарыхый жолуна, элдин үрп-адатына, салтына, психологиясына, улуттук мүнөзүнө ж.б. көз каранды.

Педагогикалык жана психологиялык байкоолор боюнча төмөндөгү жаш курак мезгилдер сунушталган:

Төрөлгөндөн баштап 1 жашка чейин (эмчектеги мезгил), 1 - 3 жашка чейин эрте балалык, 3 - 7 жашка чейин балалык мезгил, 8-12 жашка чейин кенже мектеп жаш курагы (бул мезгил 2-балалык мезгили деп да аталат), 12 – 16 жаш өспүрүм курагы, 16-21 жаш жигиттик курагы, 21-35 жаш 1-толуу мезгили, 35-60 жаш 2- толуу мезгили, 56-74 жаш улгаюу курагы, 75-90 жаш аксакалдык мезгили, 90дон өйдө жаштагылар узак жашоочулар. [3. 33-34-б]

Адамдардын жаш курагын мындай бөлүштүрүү дүйнөлүк физиолог, психолог, педагог, илимий конференциясында кабыл алынган. Кыргыздардын салттуу тарбия берүү системасында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрү эске алынган, анткени ошол жаш куракка ылайык ыкма, жолдор менен тарбия берүү тура болот деп эсептешкен. Мыдан сырткары ар бир жаштын өзүнүн физикалык, психологиялык ж.б. өзгөчөлүктөрү болоорун даана белгилешкен.

Жаш өзгөчөлүктөр психологиясы боюнча адистер Жан Пиаже жана Эрик Эриксондун пикири боюнча, үч жаш баланын өз алдынчалыгын жана өзүн-өзү башкаруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн маанилүү курак болуп саналат. Бул мезгилде балдар айлана-чөйрөнү активдүү изилдеп, жөнөкөй тапшырмаларды өз алдынча аткарууга үйрөнүшөт [4. 110-б]. Ал эми көрүнүктүү психолог Л.С. Выготский баланын 3 жаштык курагы коопту мезгил (кризистик момент), бул учурда баланын өнүгүүсүндө олуттуу өзгөрүүлөр болот деп мүнөздөгөн. [2. 169-б] Бул жаш куракты аталган аймактагы кыргыздар да өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ деп мүнөздөшөт, анткени бала көп нерсени түшүнүп акыл эси киребаштаган мезгил. Бул мезгилде баланын, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүдө жомок айтууну, үлгүлүү икаяларды колдоно башташкан. Булар балдарга жакшылыкты, акылдуулукту, ынтымакты, эмгекти, адеп-ахлактык, акыл-насааттык жана башка адамдык баалуулуктарды үйрөтүүдө чоң роль ойногон.

Этнографиялык фольклордук материалдар тастыктагандай, баланы тарбиялоо канчалык эрте башталса, анын натыйжасы

ошончолук жемиштүү болоорун даана билишкен. Жергиликтүү элдин түшүнүгүндө балага жабышкан адат жана өнөкөт менен өлгөндө гана кутулат. Буга мисал, эл ичинде айтылып жүргөн “Сүт менен бүткөн мүнөз, сөөк менен кетет”, “Жашында кылжың болсо, каарыганда мылжың болот”, “Козусунда тойбогон, токтусунда түрткөнүн койбойт” деген макалдар далилдеп турат. Ошондуктан, элдин тарбия тажрыйбасында “Баланы башынан, жаш кезинде билгенин ташка тамга баскандай” деген эреже-жоболор ырааттуу жетекчиликке алынган. Ал эми балдарды эрте жаш курагынан эмгеке тарбиялоо - бул кыргыздардын салттуу тарбия системасында маанилүү орунду ээлеген аспект. эмгек тарбиясы балдардын жаш кезинен баштап, алардын эмгекке, өзүнүн жана коомдун алдына коюлган милдеттерге жоопкерчиликтүү мамиле жасоосуна багытталган. Эмгек – бул ата-бабалардан мурас катары калган, балдарга үйрөтүлүчү керек болгон негизги баалуулук. Бул тарбия кыргыздардын чарба турмушунда өзгөчө мааниге ээ болгон. Анткени эмгек аркылуу гана өздөрүнүн жана үй-бүлөсүнүн жашоосун камсыздай алышкан.

Аталган аймакта 3 жаштан баштап, балдарды үй-бүлөдөгү күнүмдүк жеңил жумуштарга тартышып, эмгекке болгон мамилесин калыптандыра башташкан. Мисалы, 3 жаштан баштап «муну алып кел, тигини бер» деген тапшырмаларды бе-ришкен.

Мындан сырткары жаш балдарга эмгек адаттарын үйрөтүүдө, эмгекке болгон мамилени түптөөдө оюндар чоң роль ойногон. Кичинекейлер өздөрүнүн күнүмдүк жашоосунда чоңдордун ишин оюн түрүндө аткарышкан. Мисалы, алар ойноп жатканда атайын жасалган оюнчук малдарды багып, суугарып, айдап же болбосо жер иштеткенге керектүү оюнчук шаймандарды ойношкон, натыйжада алар ал буюмдарды эмнеге иштетиш керек экенин өздөштүрүшкөн жана ошондой эле малды караганды да оюн аркылуу өздөштүрө баштатшкан.

Ал эми төрт жаштагы балдар окумуштуулардын айтымында социализация жана байланыш көндүмдөрүн өнүктүрө баштакан. Алар башка балдар жана чоңдор менен баарлашууга үйрөнүшүп, сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүшкөн жана социалдык нормаларды түшүнө баштакан [5. 326-б].

Аталган аймакта бул курактагы балдар топтук оюндарда ойношуп, бул аларга баарлашуу жана топто ойноо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жардам берген. Ошондой эле 4-5 жашынан баштап өзүн кароого, кийимдерин күтүүгө, үйдөгү тазалыкты, ирееттүүлүктү сактоого, бешик терметип бөбөктөрүн багууга, көмөктөшүүгө үйрөтө баштакан. Ошол себептен бул мезгилди жергиликтүү эл, өзүн-өзү эптеп, анча-мынча ишке жарап калган бала деп мүнөздөшкөн. Ошентип, күнүмдүк оюндарда 4-5 жаштагы кыздар курут томолоктогонду, адегенде жөн гана оюн түрүндө, андан соң шарттуу аракеттерди жасай баштакан. Энеси даяр болгон сүзмөнү алып келип кыздарын чакырып томолоктогонго жардам берүүнү суранган, кыздар ойногончо курут томолоктогонду үйрөнө баштакан. Ал эми эркек балдарды 4 жаштан баштап эмгек шаймандарын алып келүүгө - балта, теше, кетменди алып келгенге жана уй, койду кайтарганга, сугарганга жумшай баштакан. Ал эми 5 – 7 жаш курактагы балдар жөнүндө психологдор Л. Выготский жана Л. Моунтейндер чыгармачылык жөндөмдөрүн жана элестетүүсүн өнүктүрүү менен мүнөздөлөт. Балдар активдүү элестетүүгө, логикалык ой жүгүртүүгө жана ролдук оюндарга катыша баштошат. Бул мезгил ошондой эле эс тутум жана көңүл буруу сыяктуу когнитивдик көндүмдөрдү өнүктүрүү үчүн маанилүү дешкен [2. 176-б].

Негизги чарбачылыгы малчылыкка жана дыйканчылыкка негизделген салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдар жаштайынан ата-энесине ар кандай үй жумуштарына жардам бере баштакан. 5 жаштан 7 жашка чейинки балдар жана кыздар өздөрүнүн физикалык мүмкүнчүлүктөрүнө жана коомдогу гендердик ролуна жараша ар кандай жумуштарды аткарышкан.

Аталган аймакта бул куракты тезтиер деп аташат - беш жаштан жети жашка чейинки мезгил. Бул мезгилде баланын ийкемдүүлүгүн эске алып, б.а. күч-кубатын, физикалык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен иштөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн аларга жеңил үй жумуштарын тапшырып, «тезтиеринде теске сал» деп коюшкан. Ошондой эле “кол арага жарап

калган бала" деп да мүнөздөшкөн. Бул учурдан тартып элдин көз карашында, эмгекке тарбия берүүнүн артыкчылыкгы белгиленип, ошону менен бирге балдарды эмгекти сүйүүгө тарбиялашкан.

Эркек балдарды 5 жашынан баштап жер тырмоо үчүн жабдылган атка отургузуп, чоңдордун көзөмөлүү менен айдалган талааны тырмоого алышчу. Бала жыгылып калбасын деп кээде аттын белине байлап коюшчу. Ошондой эле уул балдардын тарбиясы, улуулар аркылуу тигил же бул ишти аткарып жатып, балдарды жумшаган менен коштолгон. Мисалы, мал чарбачылыкта бул жаштагы балдар чоңдордун көзөмөлүндө малды айдашканга, кайра кайтарып келүүгө, сугарууга айдап барууга жардам беришип, алар малдын адашып калбасын жана өз убагында кайтып келүүсүн камсыздай алышкан, сарайларды тазалоого, ошондой эле кык чыгарууга, жүн кыркуу мезгилинде жүндү ташууга, туутта козуларды үйгө ташыганга аларга сүт берүүдө жардам беришкен. Малдар тоодо же чоң жайыттарда адашып калбашы үчүн кой, эчки же козу сыяктуу майда жандыктарды таап, чогултууга жардам беришкен. Натыйжада мал кармаганды үйрөнүп, жайлоого малды айдоого катышып, алар адашып башка жака кетип калбасын камсыздашкан.

Ал эми айл чарба иштеринде балдар 5-7 жашында сугаруу, чөптөрдү отоо тазалоо же оруп жыйноо сыяктуу жеңил айыл чарба жумуштарына, өзгөчө дан эгиндери же жашылча сыяктуу түрлөрүнө жардам бере баштшкан. Ошондой эле балдар ата-энелерине чакага суу, эгин, талаада иштөө үчүн шаймандар сыяктуу ар кандай оор нерселерди көтөрүүгө жардам беришкен. Андан кийин балдарга татаалыраак иштерди аткарууга уруксат берилген. Ошентип, балдарды акырындык менен жалпы эмгек ритмине киргизишкен. Салтка ылайык, чоңдор эмне кылса, балдар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аракет кылышы керек болгон. Ал эми бул курактагы кыздар үй жумуштары менен алектенип, апаларына тамакжасаганга,үйжыйнаганга,киржууганга жардам беришкен. Ошондой эле алар кичүү балдарга кам көрүүгө, тамактандырууга жана уктатууга жардам беришкен. Кыздар ашканада жашылча кескенге, отун тергенге, дан тартканга, тамак жасаганга, ошондой эле салттуу тамак-аштарды да даярдоого катышкан, мисалы, нан же сүт азыктарын жасаган тамактарды жасоодо. Ошондой эле бул курактагы кыздар үй канаттууларын багууга жардам берип, жумуртка чогултуп, тоок жана башка жаныбарларды багып, алардын абалын көзөмөлдөп турушткан. 5-7 жаштагы кыздарга койдун жүнүнөн жип ийрип, кийим-кече, төшөнчүлөр жана башка турмуш-тиричиликке керектүү кездемелерди токууга үйрөтүшкөн, ийне кармап, жүндү үзүү, чабуу, жипти томолоктоого катыша башташкан. Энесине уй сааганда жанында кошо туруп жумшаган иштердин баарын аткарышкан. Мисалы, челек алып беришкен, сүттү бышырганга отун алып келишкен, сүт куйган чаначтын оозун ачып турушкан, жүн тытышканга жардам беришкен т.а. энелерине жакындан жардам көрсөтө башташкан. Кыздар үй-бүлө үчүн мөмө-жемиштерди, дары чөптөрдү чогултууга да жардам беришкен. Ошондой эле кыздар короо-жайды тазалоо сыяктуу жеңилирээк үй жумуштарын аткаршкан. Кыздар майрамдардын алдында, өзгөчө Нооруз майрамы, ошондой эле Орозо-айт, Курбан-айт жана башка календарлык, диний майрамдардын алдында балдар да чоңдорду туурап, ойногон жерлерин тазалашчу, өзгөчө ушул күндөрү бардык жерде таза болушу керек деп ойлошчу, анткени алар муну чоңдордон улам билишкен. Үй-бүлөнүн улуу кыздары кыздары, жеңелери, энеси жана башка улуулар, колдон келишинче үй таза кармоону, идиш аяктарды жууганды үйрөтүшкөн. «Кыз бар үйдө – кыл жатпайт» деген макалдын келип чыгышы да ушундан улам болсо керек. Башында мындай окуялар маал-маалы менен жөн гана ишке ашкан иш-аракеттер болсо, бара-бара адатка айланып, кыздар үйдү дайыма таза кармоону үйрөнүшкөн. Бул курактагы уул балдар да, кыздар да биргеликте түшүм жыйноого жана сактоого көмөк көрсөтүшкөн. Мезгилге жараша балдар да, кыздар да түшүм жыйноого, жашылча-жемиштерди терүүгө, сактоого жардам беришкен. Ошондой эле балдар да кыздар да биргеликте кышкыга отун чогултууга жардам беришкен.

Мындан сырткары бул куракта адеп-ахлактык тарбиялоого жана социализацияга

да өзгөчө көңүл бурулган. Балдарды улууларды сыйлоого, чынчылдыкка, адилеттүүлүккө жана эмгекчилдикке үйрөтүү маанилүү эле. Анткени бул курактагы балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүм-турум адебин тез кабыл алышкан. Ушул себептен ата-энелер балдарын олдоксон жоруктардан алыс кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүшкөн. Ал эми үй-бүлөлүк чогулуштарда балдарды, чоңдордон бөлбөй, алардын насааттарын кунт коюп угууга жана ал үчүн ыраазычылык билдирүүгө үйрөтүшкөн. Бул боюнча көрүнүктүү психолог Л. Выготский - кичинекей кезинен баштап, балдарды үй-бүлөнүн жана коомдун улууларын урматтоого үйрөтүшкөн. Бул принцип коомдук жашоонун бардык аспектилеринин негизинде жаткан деп билдирген [2. 133-б].

3 жаштан 7 жашка чейинки куракта аткарылуучу салттуу ырым-жырымдар жана ритуалдар да балага тарбия берүүдө чоң рол аткарышкан. Бул куракта бир нече ырым-жырымдар, каада-салттар өткөрүлүп балдардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн жашоосунда маанилүү ролду уланткан. 3 жаштан баштап баланы сүннөткө отургузу тою баланы баталоого жана коргоого багытталган атайын ырым-жырымдар жана ритуалдар менен коштолгон.

Эркек балдарды сүннөткө отургузуу “сүннөт той” салты менен коштолгон жана ошондой сүннөт бардык мусулмандар аткаруучу парз болгон. Көбүнчө 3 жаштан 7 жашка чейинки куракта аткарылган. Сүннөткө отургузууну атайын билген бул иште тажрыйбасы бар адамдар жасашкан. Мисалы, мындай кадырлуу карыяларадын бири молдо болгон. Бул ырымды жасаган адамга көбүнчө ата-эненин шартына жараша белек берилген. Жергиликтүү элде сүннөткө отургузуу учурунда баланын жүрүм-туруму өжөрлүктүн, токтоолуктун, чыдамкайлыктын, кайраттуулуктун көрүнүшүн көрсөтүп, келечектеги баланын мүнөзүнүн биринчи олуттуу сыноосу болгон деп эсептешкен. Баланын ошол учурдагы мүнөзү анын ага канчалык деңгээлде даярдалганынан да аныкталган. Коркунучтун жана коркоктуктун көрүнүштөрү улуу муун жана жаш балдар тарабынан да терс сындалган. Бала сүйлөй баштагандан тартып, сүннөткө отургузу учурунда кошуна балдардын кимиси өзүн кандай алып жүргөнүн мисалдар менен айтышып, акырындап бул учурга даярдай башташкан. Бул ырым жасалып жатканда коркуу жана ыйлоо 4-7 жаштагы бала үчүн өтө уят деп эсептелген. Ошол себептен, балдардын басымдуу көпчүлүгү бул сыноону ыйлабай, намыстуулук менен көтөрүшкөн.

Салттуу коомдо сүннөткө отургузуу жө-рөлгөсү балдар үчүн маанилүү этап болуп, баланы чоң балдардын дүйнөсүнө кошулган инициациянын бир түрү катары кабылданган. Бул өтө азаптуу жөрөлгө болгон. Бирок андагы туруктуулуктун, чыдамкайлыктын жана сабырдуулуктун көрүнүшү оң сапаттардын белгилери катары эсептелген.

Борбордук Азиянын көптөгөн элдери үчүн бул окуя үй-бүлөлүк мүнөзгө ээ болгон жана болуп келет, бирок кыргыздарда сүннөткө отургузуу «сүнөт той» каада-салты аш-той, улуттук оюндар менен жалпы элдик майрамдын мүнөзүнө ээ болгон.

5 жаштагы баланы «Атка мингизүү» ырым-жырымы өткөрүлгөн. Бул ырым-жырым баланын жаңы жоопкерчилик жана өз алдынчалык деңгээлине өтүшүн билдирген. Ырым-жырым баланын жаңы милдеттерди аткарууга даяр экенин символдоштурган.

Аталган аймакта бул ырым тай мингизүү деп аталган. Эркек баланы атка мингизүү ырымы беш жашка чыкканда жасалган. Бала кичинекей болгондуктан, ага биринчи жолу тай мингизишкен, ошондуктан бул ырым «тай мингизүү» деп аталып калган. Баланын атасы кой союп, бул ырымды өткөрөөрүн жакын туугандарына жарыялаган. Көбүнчө баланын энесинин туугандары гана катышчу: тайакелери (тагалары), бала мине турган тайды белекке алып келишкен. Бала менен тай бирге чоңоюп, кийинчерээк “тай” баланын аты болуп калган, атасы тайга кам көрүүнү кичине кезинен үйрөтө баштаган. Баланы тайга отургузгандан кийин түрдүү тумарлар менен коoздолгон тизгинди карматышкан. Бул жүрүмдө баланын туугандары жылкынын колдоочусу Камбар-Атага дуба айтышып, бала күчтүү, кайраттуу болуп чоңоюп, ат анын канатына айланышын сурашкан. Бул ырым-жырым аткарылгандан кийин атка ыраазычылык билдирип, анын башына ак жоолук салышып ага өзгөчө белги коюлган. Андан кийин бала тайга өз колу

менен чөп салган. Мындан сыртакары, салтка ылайык эркек бала төрөлсө тайакелери ага дароо тайын даярдашы керек болчу. Болочок аты наристедей кичинекей, алар чогуу чоңоюш керек деп эсептешкен. Баланын биринчи атка мингенине мындай маани берилгени бекеринен эмес, анткени эркек балдар үй-бүлөнүн тиреги, келечектеги үй-бүлөнүн коргоочусу болгон. Элде чыныгы кыргыз, бала кезинен баарына даяр болушу керек, анын жанында болочок согуш аты өсүш керек деген түшүнүк болгон. Ал эми бул курактагы салттуу оюндардагы физикалык активдүүлүк балдардын физикалык жана интеллектуалдык өнүгүүсүндө маанилүү орунду ээлеген.

Координацияны, чапчаңдыкты жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган атайын ар бир курака жараша салттуу оюндар болгон. Бул оюндар балдардын ден соолугун чыңдоого жана келечек турмушка даярдоого жардам берген. 3 жаштан 7 жашка чеин балдар акыл-ой жана кара күч элементтерин камтып турган оюндады ойношко. Бул мезгилде ойнолгон оюндардын бири "Кунан чабыш" (балдардын жана кыздардын белгилүү бир аралыктагы жарыштары) оюнга катышкандардын биринчи чуркап келгени жеңүүчү болуп эсептелген, бул оюн негизинен аш, тойлордо ойнолгон оюндардын бири болуп эсептелинет. Оюндардын дагы бири "Баш айланма" (балдар бир ордунда туруп алып тегеренет) оюнга катышкандардан кимде-ким көп убакытка чейин башы айланбай тегеренсе, ал жеңүүчү болуп эсептелген. Аталган аймактагы оюндардын эң кызытуууларынын бири бул "Уйчу" деп аталган, тестиер балдар ойночу оюндардын бири богон. Ар бир оюнчу өздөрүнө анча терең эмес чункур казышкан, ал чункур торпок кармоочу кашаа деп аталган. Оюнчулардын бирөөсү кана торпок айдаган уйчу болуп эсептелинген. Эгер уйчу болгон бала торпогун кашага айдап киргизип алса анда ал ээлеген кашаа дароо уйчу балага өтүп ал эми чункурдуу ээлеп турган бала уйчу болуп торпок айдайт. Оюндун аягында торпокту көп айдаган оюнчу жеңилген болот да, макулдашылган шарт боюнча жазага тартылган. Мында тез кыймылдоого, кыймыл аракеттин жандуулугун өнүктүргөн. "Учту учту" оюну дагы өзүнчө айырмаланып балдардын бир нерсеге тез түшүнүп, тез жооп беришин, ыкчамдыкты өнүктүргөн. Бул оюнда балдар катары менен отурушкан, оюндун алып баруучусу – Учту, учту – чымчык учту десе баары колун көтөрүш керек эле, ал эми – учту, учту там учту десе, адашып колдорун көтөрүп алган балдарды ортого чакырып жазага буйрушкан. Бул оюндар сергектикке, тездикке, шамдагайлыкка тарбияланган.

Ушуга окшош оюндар: "Коюма карышкыр тийди", "Өрдөк каз", "Аңдагы карышкыр" [1. 5-б.] ж.б. ушул сыяктуу оюндар аркылуу балдар өздөрүнүн кара күчүн өнүктүрүп, өйдө-төмөн кыймыл-аракет жасоо менен байкагычтыкка, жолдоштукка, чынчылдыкка, бири-бири менен биргелешип аракет жасоого тарбияланышкан.

Жыйынтыктап айтканда салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды 3 жаштан 7 жашка чейин тарбиялоо системасы балдарды ар тараптуу өнүктүрүүгө жана келечектеги турмушка даярдоого багытталган. Балдар жаштайынан эле жалпы жыргалчылык үчүн жөнөкөй, бирок маанилүү иштерди аткарып, үй-бүлөлүк чарбага киргизилген. Салттуу коомдо балдар менен кыздардын ролу экиге бөлүнгөн, бирок эки жыныска тең жаштайынан эле салттуу айыл чарбасын сактап калуу жана алып кетүү үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү үйрөтүшкөн. Бул тарбиялоо ыкмалары инсанды гармониялуу калыптандырууну камсыз кылган, маданий жана социалдык баалуулуктарды муундан муунга өткөрүп берген.

**Адабияттар:**

1. Абдуллаев М., Кийизбаев М., Акматов Ч. Улуттук оюндар. Б. 2011. - 361 б.
2. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. М. 2004. – 512 с.
3. Миңбаев К. Курак жана педагогикалык психология. Ош. 1995-ж. 166 б.
4. Пиаже, Ж. Психология интеллекта. — СПб.: Питер, 2004. — 192 с.
5. Эриксон, Э. Детство и общество. СПб.: Питер, 1996. – 592 с.